# И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ

# ВЕСТНИК КЫРГЫЗСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА им. И.АРАБАЕВА

ISSN 1694-785

Подпись
Ученый секретарь
КГУ им. И. А

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ**

**КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ВЕСТНИК

## КЫРГЫЗСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТАим. И. АРАБАЕВА

**ЖУРНАЛ КЫРГЫЗСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА имени И. АРАБАЕВА**

**Научный журнал**

**Издается с 1999 года**

**ВЫПУСК**

**Специальный выпуск**

**Материалы международной научной конференции**

**Бишкек**

**2016**

Подпись ________________ заверяю
Ученый секретарь ________________
КГУ им. И. АРАБАЕВА

## Мазмуну
## Содержание

### ПЕДАГОГИКА ПСИХОЛОГИЯ БИЛИМ БЕРҮҮ
### ПЕДАГОГИКА ПСИХОЛОГИЯ ОБРАЗОВАНИЕ

**Абдышукурова Г.Ж., Садырова Б.С.** Проблема суицидального поведения подростков........ 8
**Ажыгулова А.Б.** Основные функции, методы работы, документация, права и обязанности школьного социального педагога........ 10
**Ажыгулова А.Б.** Образование как фактор социального неравенства в молодежной среде........ 13
**Аманканова А.Х.** Формирование профессиональной компетентности студентов – дефектологов в процессе обучения в педагогическом вузе........ 15
**Анарбаев А.К., Сейдахметов Е.Е., Баймуханбетов Б.М.** Актуальные проблемы физического воспитания школьников........ 17
**Асанова Ж.К., Кочак Хосан Хусейин** Математик бакалаврлардын профилдик багытта аралыктан окутуунун орду........ 21
**Байдуева Н.Б.** Психолого-медико-педагогикалык жактан коштоо кызматын мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүнуюштуруу........ 23
**Быковченко Н.С.** Педагогическая подготовка будущих учителей........ 27
**Джапарова З. Б.** Инклюзивдик билим берүү шартында жалпы билим берүүчү мектептердин педагогдорунун атайын компетенцияларын калыптандыруу........ 30
**Дрожжакова И.** Развитие физических качеств у детей дошкольного возраста 32
**Егемкулова Ж.А.** Обработки А.У. Укурчинова для детского хора........ 36
**Иманкулова С. Э.** Интерактивные методы обучения в учебной деятельности в контексте самореализации студентов........ 39
**Кадырова О.Ж.** Методика работы по дирижированию для младших курсов........ 41
**Казыев А. Б.** Спорттук оюндардын инсандардын келечегине таасири........ 43
**Калтаев Т.К.** Методика работы с комнатными растениями в начальной школе........ 45
**Карчина А.М.** Система высшего образования глазами молодого специалиста: работодатель и работник........ 48
**Конокбаева А.Н.** Психокоррекционная работа с дошкольниками с ограниченными возможностями здоровья........ 51
**Кубанова Н.А.** «Кыздын сыры» повестин окутуунун ыкмалары........ 54
**Немичева Е. Ю.** Специализированные группы по физической культуре в ВУЗе........ 58
**Романова Т.Н.** Вспомогательные школы в Кыргызской Республике в XXI веке: филантропия или научное знание?........ 61
**Садырова Б. С., Абдышукурова Г. Ж.** К проблеме изучения личности детей дошкольного возраста........ 64
**Сакимбаева С.Д., Кишикова Н.Д.** Принципы и методы обучения школьников основам безопасности жизнедеятельности........ 67
**Сейталиева Э.С.** Келечектеги башталгыч класстын мугалимин математикалык даярдоодо өз алдынча иштерди жүргүзүү........ 71
**Тогузбаева Н.М.** Развитие основ коммуникативного общения у детей с умеренной умственной отсталостью........ 73
**Хлудеева И.А.** Методические рекомендации студентам-логопедам по проведению индивидуальных и фронтальных логопедических занятий с детьми........ 76



Подпись _______ заверяю
Ученый секретарь _______
КГУ им. И. АРАБАЕВА

**Джапарова З. Б.,**
**педагогика факультетинин атайын педагогика**
**жана психокоррекция кафедрасынын ага окутуучусу,**
**И.Арабаев а. КМУ,**

# ИНКЛЮЗИВДИК БИЛИМ БЕРҮҮ ШАРТЫНДА ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ МЕКТЕПТЕРДИН ПЕДАГОГДОРУНУН АТАЙЫН КОМПЕТЕНЦИЯЛАРЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ

*Макалада инклюзивдик билим берүү деген эмне, анын негизги максаты, маанилүүлүгү, билим берүүнүн структурасындагы жана системасындагы педагогдорго керектүү компетенцияларды ишке ашыруу маселелери каралат.*

***Негизги сөздөр:*** *инклюзия, интеграция, өзгөчө муктаждыктары бар балдар, адаптация, өнүктүрүү, компетенциялар.*

*В статье рассматриваются вопросы структуры инклюзивного образования. Её роль, специальные и общие компетенции педагогов в условиях организации инклюзивного процесса.*

***Ключевые слова:*** *инклюзия, интеграция, дети с особыми образовательными потребностями, адаптация, развитие.*

*This article discusses the structure of the inclusive education, its role, special and general competence of teachers in the conditions of the organization of an inclusive process*

***Keywords:*** *inclusion, integration,children with special educational needs, adaptation and development.*

Заманбап билим берүүнүн маанилүү мүнөздөмөсү болуп аны уюштуруу формаларынын вариативдүүлүгү болуп эсептелет. Бул ден-соолук мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдардын билим керектөөлөрүн канаатандырууга дагы мүмкүнчүлүк берет.

Адам укуктарынын дүйнөлүк стандарттарында: баардык балдар өзүлөрүнүн теңтуштары менен, үйүнө жакын мектепте, ата-энесинен алыстабай билим алууга укугу бар экендиги белгиленген. Дүйнө жүзүндө өнүгүүсүндө ар кандай бузулуулары бар балдарды окутууда ар түрдүү практикалар бар. Инклюзивдик билим берүү, интеграция, атайын билим берүү сыяктуу билим берүүнүн шарттары каралган учурлар кездешет.

Биздин өлкөнүн билим берүү мейкиндигинде жогоруда белгиленген билим берүүнүн түрлөрү кездешет.

Инклюзивдик билим берүү деген эмне? Бул суроого жооп берээрден мурда, билим берүүнүн негизги максаты - баардык окуучулардын белгилүү социалдык макамга жетүүсү жана өзүнүн коомдук маанилүүлүгүн бекемдөө экенин эске салалык.

Инклюзивдик билим берүүнүн максаты- ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын өз күчүнө ишенимдүүлүгүн арттыруу аркылуу, башка балдар менен , балким өз достору, коңшулары менен мектепте чогуу окууга кызыктыруу болуп эсептелет.

Инклюзивдик билим берүү -билим берүүнүн структурасын жана системасындагы балдарды болгон ар кандай тоскоолдуктарды жок кылуу үчүн, жана балдарды алардын ар кандай проблемаларына, артта калуусуна, жынысына, улутуна, экономикалык статусуна карабастан коомго кошулушу үчүн билим берүүгө багытоону идея кылат.

Инклюзивдик билим берүү-өзгөчө билим керектөөлөрү бар балдарды жалпы билим берүүчү мектептерде окутуу процесси. Инклюзивдик билим берүүнүн негизинде балдарды дискриминациялоонун баардык түрлөрүн жоюу жана баардык адамдарга бирдей мамилени камсыз кылуу идеологиясы жатат. Ошону менен бирге инклюзивдик билим берүү өзгөчө билим керектөөлөрү бар балдарга өзгөчө шарттарды түзүү зарылчылыгын белгилейт. Инклюзивдик билим берүү – баардык балдардын ар түрдүү керектөөлөрүн камсыз кылуучу, баарына жеткиликтүү жалпы билим берүү процессин өнүктүрүү.

Албетте инклюзивдик билим берүүнү жүзөгө ашырыш үчүн чөйрө ылайыкталышы керек. Ал үчүн:

1. Бала окуган мейкиндик адаптация болушу зарыл (пандустар, бөлмөлөр)
2. Өнүгүүсүндө ар кандай өзгөчөлүктөрү бар балдар үчүн иштөө ыкмаларын, формаларын адаптациялоо керек (фронталдык, жекече, топтук)
3. Материалды берүүнү адаптациялоо (оозеки, көрсөтүү аркылуу, кыймыл аракет аркылуу)
4. Окуу инструкцияларын адаптациялоо
5. Жардамдын көлөмүн адаптациялоо : мугалимдин комментарийлери,башка балдардын жардамы.
6. Иш убактысын ылайыкташтыруу.

Ден-соолук мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдардын психикалык өнүгүүсүнүн бузулуусу окуу процессинин түзүлүшүнүн өзгөчө логикасын талап кылат, ал билим берүүнүн мазмунун түзүлүшүндө өз чагылуусун табат. Буга байланыштуу мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга зарыл болгон өзгөчө шарттардын талабын бөлүп көрсөтүүгө болот:

- нормалдуу өнүгүп жаткан балага караганда окутууну жогорку деңгээлде индивидуалдаштыруу зарыл;



Подпись ______________ заверяю
Ученый секретарь ______________
КГУ им. И. АРАБАЕВА

- өзгөчө билим алуу чөйрөсү менен камсыздоо;
- билим мекемесинен тышкары билим алуу мейкиндигин максималдуу түрдө кеңейтүү.
- окуучунун жекече өзгөчөлүгүн эске алуу менен окуу процессин уюштуруу ;
- ар бир баланын потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү үчүн оптималдуу шарттарды түзүү;
- Окуу ишмердүүлүгү менен окуучунун реалдуу мүмкүнчүлүктөрүнүн туура келбестигин ондоо;

Бул категория менен иштөөдө төмөнкү принциптерди эске алып, коррекциялык иштердин эрежелерине таянуу зарыл:

- ар бир балага жеке карам-катыш жасоо;
- балдардын таанып-билүү ишмердигин активдештирген усулдарды такай колдонуу, жазуу, сүйлөө кебин жана зарыл болгон окуу көндүмдөрүн калыптандыруу;
- педагогикалык тактты системалуу түрдө билдирип туруу;
- кичине ийгилик болсо дагы аны сыйлоо, ар бир балага тактикалык өз убагындагы жардам көрсөтүү, өз күчүнө ишенүүнү өнүктүрүү.

Мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын таанып-билүү жана эмоционалдык чөйрөсүнө коррекциялык жактан таасир этүүнүн эффективдүү ыкмалары төмөнкүлөр:

- оюндук жагдайлар;
- дидактикалык оюндар, заттардын түрдүк, белгилик сапаттары менен байланышкан оюндар;
- башкалар менен байланышып, сүйлөшүүнү өнүктүрүүгө шарт түзгөн оюн – тренингдери;
- булчуңдун түйүлүүсүн жана бүгүлүүсүн, айрыкча бет түзүлүшүндөгү, колдун манжаларындагы ооруларды басаңдата турган релаксация жана психогимнастика.

Ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга билим берүү жана тарбиялоо тарбиянын жалпы программасына таянышы керек, ошентсе да анын мазмуну балдардын түрдүү жеке жана типологиялык талаптарына адаптацияланышы керек. Бул биздин мектептерде аз тажрыйбаланган, жаңы иш, ошентсе да педагогдун ар бир балага жардам берүү ниети жеке программасыз ишке ашпайт. Окутуунун жеке программасын түзүүдө мугалим эн алгач атайын адистер менен кызматташуу аркылуу педагогикалык изилдөөнү уюштуруусу зарыл.

Жуурулуштуруу процесси үй-бүлө менен мектептин аракети коррекциялап окутуу жана тарбиялоого гана эмес, коомдун мүчөлөрүнүн гумандуу мамилесин калыптандырууга да багытталышы керек жана баланын өзгөчө билим алуу талаптарын, анын жашоосундагы бардык чөйрөгө конкреттүү жардам берүүсү зарыл. Эгер класста мүмкүнчүлүгү чектелген бала болсо, педагог биринчи кезекте башка окуучулар, алардын ата-энелери менен ал балдардын өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү, пикир алышуунун эрежелери, жүрүм-туруму, жардам берүү тууралуу аңгемелешүү жүргүзүүсү керек.

Мугалимдер, окуучулар жана алардын ата-энелери жуурулуштурууга максаттын өзү катары карабашы керек, аны биринчи кезекте мүмкүнчүлүк катары, баланын өнүгүүсү үчүн жагымдуу шарт түзүү жолу катары кароо керек. Берилген сунуштар педагогдорго мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын жалпы билим берүүчү чөйрөгө жуурулушуу процесси менен таанышууга, проблемага терең сүңгүп кирүүгө, өзгөчө муктаждыкка ээ болгон балдардын билим алуусун, тарбиялануусун ишке ашыруунун жолдорун издөөгө жардам берет.

Мүмкүнчүлүгү чектелген бала жаңы бир нерсени билүүгө умтулууда башка балдарга караганда көпчүлүк учурда жолу болбойт. Ушуга байланыштуу бала өз алдынча аракет кылуунун кажети жок экендигине ынанып калат. Ошондуктан мүмкүнчүлүгү чектелген баланын көндүмдөрүн иш жүзүнө ашырышы үчүн педагог окуучулардын аң-сезимине, жүрүм-турумуна позитивдүү таасир тийгизе билиши өтө маанилүү. Бул үчүн педагогдор жалпы жана атайын компетенцияларга ээ болушу керек:

- Көмөк көрсөтүүгө даярдык
- Баланы түшүнө билүү
- Ырайымдуулук
- Эмпатия
- Толеранттуулук
- Педагогикалык оптимизм
- Сылыктык, сыпайылык
- Изилдөөчүлүк
- Уюштуруучулук
- Коммуникативдүүлүк

Инклюзивдик билим берүү эффективдүү болушу үчүн коомдун, биринчи кезекте мугалимдердин көз карашы өзгөрүшү зарыл. Мугалимдин профессионалдык ой-жүгүртүүсү, анын инсандык сапаттарынын деңгээли инклюзивдик билим берүүнү алдыга жылдыруучу фактор катары эсептелинет. Педагог моралдык жактан туруктуу, профессионалдык жактан компетенттүү, жана маданий деңгээли жогору болушу зарыл. Инклюзивдик билим берүүнү ишке ашырууда мугалим окуучуларды гана окутпастан, өзү дагы окуйт, башкача айтканда эки тараптуу окутуу жүзөгө ашат. Демек,мугалимдин инсандык сапаттарынан жана анын ийкемдүү башкаруусунан, окутулуп жаткан топтун ичиндеги психоэмоционалдык атмосфера көз каранды. Мугалим инклюзивдик билим берүүнү ишке ашырып



Подпись ______________ заверяю
Ученый секретарь ______________
КГУ им. И. АРАБАЕВА

жатып гумандуулукту, ак көңүлдүүлүктү, чыдамдуулукту, жана өзгөчө билим керектөөлөрү бар балдарга сый мамиле көрсөтүүнүн үлгүсү болушу керек.

Аталган процессте педагог окуучуларынын эмоционалдык жана руханий ден-соолугуна жоопкерчиликтүү экендигин унутпай, билим алуу үчүн жагымдуу микроклиматты түзө билиши зарыл. Анын берген ар бир маалыматы окуучулардын инсандык сапаттарына шек келтирбей, позитивдүү болушу керек.

Инклюзивдик билим берүүнүн негизги идеясы -коом бала үчүн эмес, бала коом үчүн, баардык балдар окутулат, окутулушу керек!

**Колдонулган адабияттар:**

1. Дмитриев А.А. Интегрированное обучение детей с особыми образовательными потребностями: за и против: Учебно-методическое пособие для студентов психолого-педагогических специальностей. Тюмень: Издательство Тюменского государственного университета, 2006.
2. Джумагулова Ч. Инклюзивдик билим берүү Борбордук Азияда-Б., 1989.
3. Зайцева И.А., Кукушин В.С., Ларин Г.Г., Румега Н.А., Шатохина В.И. Коррекционная педагогика/ Под ред. В.С. Кукушина. Изд. 2-е, перераб. и доп. М.: ИКЦ «МарТ»; Ростов н/Д; Издательский Центр «МарТ», 2004.
4. Мишина Г.А., Моргачева Е.Н. Коррекционная и специальная педагогика. М.: ФОРУМ: ИНФРА-М, 2007.
5. Тилекеев К. М., Быковченко Н. С., Эсенгулова М. М., Инклюзивдик билим берүү жогорку мектепте-Б., 2010.

**Дрожжакова И.**
**преподаватель физического воспитания университета им. И.Арабаева**

## РАЗВИТИЕ ФИЗИЧЕСКИХ КАЧЕСТВ У ДЕТЕЙ ДОШКОЛЬНОГО ВОЗРАСТА

*Берилген макала мектепке чейинки курактагы балдардын функциялык сапаттарынын өнүгүүсүнө арналган. Макалада мектепке чейинки курактагы балдарын физикалык сапаттарынын өнүгүүсүнүн методдору ыкмалары жана көрсөткүчтөрү каралат.*
***Негизги сөздөр:*** *физикалык сапаттар, ылдамдык, шамдагайлык, чыдамдуулук, күчтүүлүк, ийилгичтик.*

*Данная статья посвящена развитию физических качеств у детей дошкольного возраста. Рассматриваются методы, средства, и показатели развития физических качеств дошкольников.*
***Ключевые слова:*** *физические качества, быстрота, ловкость, выносливость, сила, гибкость, дошкольник, физическое воспитание, образовательные задачи.*

*This article is devoted to development of physical qualities in children of preschool age. The article discusses the methods, means, and indicators of development of physical qualities of children.*
***Keywords:*** *physical qualities; speed; agility; endurance; strength; flexibility.*

Физическое воспитание является основой всестороннего развития ребенка. Ни в каком другом возрасте физическое воспитание так тесно не связано с общим воспитанием, как первые семь лет. В дошкольном детстве у ребенка закладываются основы здоровья и долголетия, хорошего физического развития и всесторонней двигательной подготовленности.

Организованные физкультурные занятия и свободная двигательная деятельность, когда ребенок в свободное время играет, прыгает, бегает, улучшают обмен веществ и деятельность сердечнососудистой, дыхательной, нервной систем, укрепляют опорно-двигательный аппарат, повышают устойчивость ребенка к заболеваниям. Двигаясь, ребенок познает мир. Чем больше разнообразных движений знает ребенок, тем шире возможности для развития у него ощущений, восприятия и других психических процессов, значит, полноценнее осуществляется его развитие. Поэтому вопрос о физическом воспитании детей дошкольного возраста сохраняет свою актуальность уже многие года. В процессе физического воспитания детей дошкольного возраста необходимо решать оздоровительные, воспитательные и образовательные задачи.

Образовательные задачи включают в себя развитие двигательных качеств, формирование основных двигательных умений и навыков.

В современном мире одной из самых важных задач физического воспитания дошкольника выступает развитие у него физических качеств, так как состояние общей физической подготовленности детей зависит от того, на сколько у них развиты основные физические качества и виды движений.

Целью данной работы является рассмотрение особенностей развития физических качеств детей дошкольного возраста.

Задача работы: проанализировать средства, методы и показатели развития физических качеств дошкольников.

Методами, использованными при написании данной работы являются: анализ педагогической литературы по теме исследования, обобщение, интерпретация литературных источников.

Основная часть. Физические качества — это различные стороны двигательных возможностей человека, степень овладения определенными двигательными способностями. К физическим качествам относятся быстрота, сила, ловкость, выносливость и гибкость.

Подпись ______________________ заверяю
Ученый секретарь ______________________
КГУ им. И. АРАБАЕВА